**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

“Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын КСДП фракциясынын сунуштамасын биринчи кезекте кароо жөнүндө

**АНЫКТАМАСЫ**

2016-жылдын 29-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья Э.Т.Мамыров, судьялар: К.Абдиев, Ч.Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш.Касымалиев, К.М.Киргизбаев, Э.Ж.Осконбаев, А.О.Нарынбекова, Ч.О.Осмонова, Ж.И.Саалаевдердин курамында, сот жыйналышынын катчысы М.Э.Толобалдиевдин катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КСДП фракциясынын сунуштамасы боюнча “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүү жөнүндө иштин кароо тартибин карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Регламентинин 37-пунктунун экинчи абзацын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**тапты:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палдатасына 2016-жылдын 23-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин КДСП фракциясынын “Кыргыз Республикасынын

Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүү жөнүндө сунуштамасы келип түштү. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Судьялар коллегиясы 2016-жылдын 28-сентябрында аты аталган сунуштаманы өндүрүшкө кабыл алды.

Маселенин өзгөчө маанилүү экендигин жана Кыргыз Республикасынын бул Мыйзам долбоору “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча Референдумду дайындоо (жалпы элдик добуш берүү) жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна тиркеме катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосунда тургандыгын эске алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы бул ишти биринчи тартипте кароого мүмкүн деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 46-, 47-, 48-, 51-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Регламентинин 37-пунктунун экинчи абзацын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**а н ы к т а д ы:**

1. Кыргыз Республикасынын КСДП фракциясынын сунуштамасы боюнча “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбооруна корутунду берүү жөнүндө иш биринчи кезекте каралсын.
2. Судья-баяндамачы ушул аныктамага ылайык соттук отурумдун датасын аныктасын.

3. Бул аныктама кол коюлгандан тартып күчүнө кирет жана даттанылууга жатпайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**